**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯСЫ**

**ВЫСШАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

08-февраль 2021-ж. № 05 Бишкек ш.

**Ош мамлекеттик университетине, Кыргыз Республикасынын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн жаратылыш ресурстары институтуна жана Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу К 01.19.599 диссертациялык кеңешин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын ЖАКынын 2019-жылдын 11-ноябрындагы №42 буйругуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы № 425 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы жөнүндө жобонун (*КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 578, 2013-жылдын 22-апрелиндеги № 213, 2014-жылдын 29-январындагы № 59, 2014-жылдын 30-июлундагы № 425, 2017-жылдын 28-февралындагы № 125, 2017-жылдын 8-декабрындагы № 795, 2020-жылдын токтомдорунун редакцияларына ылайык)* 14.3 пунктун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №578 токтому менен *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-июлундагы №425, 2015-жылдын 30-июлундагы №542, 2017-жылдын 28-февралындагы №125, 2020-жылдын 9-мартындагы №137 токтомдорунун редакцияларына ылайык)* бекитилген Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2021-жылдын 29-январындагы №002 токтомунун (№1д/с-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Ош мамлекеттик университетине, Кыргыз Республикасынын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн жаратылыш ресурстары институтуна жана Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу К 01.19.599 диссертациялык кеңештин курамынан т.и.д., профессор Арзиев Ж. дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу чыгарылсын.
2. Диссертациялык кеңештин курамына Фергана политехникалык институтунун физика кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Носиржон Хайдарович 01.04.07 - конденсацияланган абалдын физикасы адистиги боюнча авторефераты боюнча киргизилсин.

**Төрайым** **Б. К. Тыналиева**